КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ

АК-ТАЛАА РАЙОНУ
БАЕТОВ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ

АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
БАЕТОВСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын**

# ТЕСКЕМЕСИ

**2026-жылдын “04”февраль №2/3**

**Баетов айылынын ички чарбалык каналдарды Ак-Талаа райондук суу чарба башкармасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 “Суу ресурстарын натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү” жөнүндөгү токтомунун негизинде, Баетов айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, **буйрук кылат**:

1. Баетов айыл аймагына караштуу, Терек айылындагы Акмат Бейит узундугу 0,9 км, Ыман Арык узундугу 3.5 км, Торпок Сарай узундугу 1,807 км, Калипа канал узундугу 1,900 км, Р-1 канал узундугу 3.50 км, Р-2 узундугу 3,503, Р-3 узундугу 2,6 км, Сооронбай узундугу 2,4 км, 7-квартал узундугу 2,620 км жалпы узундугу 22,730 км жана Баетов айылындагы Туура-Арык узундугу 3,362 км канал, Чек-Сай узундугу 2,940 км канал, Как-Көл узундугу 1,154 км канал, Кара-Чий узундугу 1,624 км канал, Тик-Таш узундугу 0,909 км канал, Тик-Таш-1 узундугу 0,900 км, Тик-Таш-2 узундугу 2,285 км, Кош-Сарай узундугу 2,700 км жана Тик-Таш латок 1,626 км жалпысы 17,5 км ички каналдарды суу ресурстар кызматынын Ак-Талаа райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Тийиштүү иш кагаздарын жүргүзүү Баетов айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Ушул тескеме Баетов айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул тескеме расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Ушул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**